УДК 372.851.514

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ГЕОМЕТРИЯЛЫК ФИГУРАЛАРДЫ КОЛДОНУУ ЖАНА АНЫ ТУРМУШТА ПАЙДАЛАНУУ

***Култаева Динара Чокоевна,***
***ORCID:*** *0000-0002-5500-9091*
*педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,*
*Ош мамлекеттик университети, kultaeva-dinara67@mail.ru*
***Омурбаева Феруза Жумашалиевна*** *магистрант,*
*Ош мамлекеттик университети omurbaevaferuza@gmail.com*

**Аннотация.** Макалада башталгыч класстарда геометриялык фигураларды дидактикалык оюндарда колдонуу жана аларды турмушта пайдалануу боюнча ыкмалар жана усулдар кеңири талданат. Геометриялык фигураларды үйрөтүү башталгыч мектеп жашындагы балдардын логикалык ой жүгүртүүсүн, мейкиндикте багыт алуу жөндөмүн жана элестетүүсүн өнүктүрүүгө чоң өбөлгө түзөт. Макалада дидактикалык оюндардын мааниси жана аларды окуу процессинде колдонуу жолдору, ошондой эле турмушта геометриялык фигураларды практикалык колдонуу мисалдары келтирилет. Дидактикалык оюндар окуучулардын математикага болгон кызыгуусун арттырып, билимди жеңил өздөштүрүүгө шарт түзөт. Ошондой эле, геометриялык фигураларды турмушта колдонуу жолдору мисалдар менен көрсөтүлөт. Атап айтканда, тик бурчтук, чарчы, айлана жана үч бурчтук сыяктуу фигуралардын курулушта, тиричилик буюмдарында жана күнүмдүк турмуштагы колдонулушу түшүндүрүлөт. Окуучуларды турмуштагы реалдуу мисалдар менен тааныштыруу билимди практикалык жактан өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт. Макалада сунушталган ыкмалар жана оюндар башталгыч класстын окуучулары үчүн математика сабагын кызыктуу, таасирдүү жана жеңил өздөштүрүлө тургандай уюштурууга жардам берет. Ошондой эле мугалимдерге сабак өтүүнүн инновациялык методдорун колдонууга мүмкүнчүлүк түзөт.

**Түйүндүү сөздөр:** башталгыч класс, геометриялык фигуралар, окуучу, дидактикалык оюндар, мугалим, инновация, ыкма, усул, өздөштүрүү.

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ГЕОМЕТРИЧЕСКИХ ФИГУР В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ И ИХ ПРИМЕНЕНИЕ В ПОВСЕДНЕВНОЙ ЖИЗНИ

***Култаева Динара Чокоевна,***
***ORCID:*** *0000-0002-5500-9091*
*кандидат педагогических наук, доцент,*
*Ошский государственный университет, kultaeva-dinara67@mail.ru*
***Омурбаева Феруза Жумашалиевна*** *магистрант,*
*Ошский государственный университет omurbaevaferuza@gmail.com*

**Аннотация:** В статье подробно рассматриваются методы и приемы использования геометрических фигур в дидактических играх и их практическое применение в повседневной жизни для учеников начальных классов. Обучение геометрическим фигурам способствует развитию логического мышления, пространственной ориентации и воображения у младших школьников. В статье подчеркивается значение дидактических игр и рассматриваются способы их использования в учебном процессе, а также приводятся примеры практического применения геометрических фигур в реальной жизни. Дидактические игры повышают интерес учащихся к математике и облегчают усвоение материала. Также представлены примеры использования геометрических фигур в повседневной жизни. В частности, объясняется использование прямоугольников, квадратов, кругов и треугольников в строительстве,

предметах быта и повседневной жизни. Знакомство учащихся с реальными примерами способствует практическому усвоению знаний. Предложенные в статье методы и игры помогают организовать уроки математики так, чтобы они были интересными, эффективными и легкими для понимания учениками начальных классов. Кроме того, они дают учителям возможность применять инновационные методы обучения.

**Ключевые слова:** начальные классы, геометрические фигуры, ученик, дидактические игры, учитель, инновация, метод, прием, усвоение.

## USING GEOMETRIC SHAPES IN PRIMARY SCHOOL AND THEIR APPLICATION IN EVERYDAY LIFE

***Kultaeva Dinara Chokoevna***
***ORCID:*** *0000-0002-5500-9091*
*Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor,*
*Osh State University* kultaeva-dinara67@mail.ru
***Omurbayeva Feruza Zhumagalievna*** *graduate student,*
*Osh State University* omurbaevaferuza@gmail.com

**Abstracts.** This article thoroughly examines methods and techniques for using geometric shapes i n didactic games and their practical application in everyday life for primary school students. Teaching geometric shapes contributes significantly to developing logical thinking, spatial orientation, and imagination in young learners. The article highlights the importance of didactic games and explores how they can be integrated into the educational process, as well as provides examples of the practical use of geometric shapes in real life. Didactic games increase students' interest in mathematics and facilitate easier knowledge acquisition. Additionally, examples of using geometric shapes in daily life are presented. Specifically, the usage of rectangles, squares, circles, and triangles in construction, household items, and daily life is explained. Introducing real-life examples helps students practically understand and apply mathematical concepts. The methods and games proposed in this article help organize mathematics lessons in an engaging, effective, and easily understandable way for primary school students. Furthermore, they enable teachers to implement innovative teaching methods.

**Key words:** elementary school, geometric shapes, student, didactic games, teacher, innovation, method, method, mastering

**Киришүү**

Башталгыч класстарда геометриялык фигураларды окуп үйрөнүүдө, эң алгач геометрия боюнча кыскача түшүндүрүүп өтүү абзел. Геометрия – математика илиминин негизги бөлүктөрүнүн бири болуп, мейкиндиктеги объекттердин формасын, көлөмүн жана жайгашуусун изилдейт. Башталгыч класстарда геометриялык фигураларды үйрөтүү окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн, элестетүүсүн жана мейкиндикте багыт алуу жөндөмүн өнүктүрөт. Ошондой эле, геометриялык фигураларды турмушта колдонуу менен балдар алган билимдерин реалдуу жашоодо пайдаланууга үйрөнүшөт. Бул макалада башталгыч класстарда геометриялык фигураларды колдонуу ыкмалары жана аларды турмушта пайдалануу жолдору кеңири талданат [1]. Окуу процессинде дидактикалык оюндарды колдонуу, чыныгы турмуштан мисалдарды келтирүү жана практикалык иш-аракеттерди уюштуруу аркылуу окуучуларга билимди жеткиликтүү жана кызыктуу кылып берүү жолдору каралат.

**Изилдөө методдору жана материалдар**

Геометриялык фигураларды колдонуу – мааниси жана максаттары:
Башталгыч класстарда геометриялык фигураларды үйрөтүүнүн негизги максаттары төмөнкүлөр:

Логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү: Фигуралардын айырмасын билүү, аларды салыштыруу жана топтоо аркылуу балдар логикалык ой жүгүртүүнү үйрөнүшөт.

Элестетүү жана чыгармачылык: Геометриялык фигуралардан ар кандай сүрөттөрдү, образдарды түзүү чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрөт [2].

Мейкиндикте багыт алуу: Фигуралардын абалын түшүнүү (оңдо, солдо, жогору, ылдый) мейкиндикти элестетүүгө жардам берет.

Турмушта колдонуу: Геометриялык фигураларды турмушта колдонуу аркылуу билимди практикалык жактан өздөштүрүү камсыздалат.

*Геометриялык фигураларды дидактикалык оюндарда колдонуу:*

Дидактикалык оюндар – окуучуларды активдүү окуу процессине тартуунун жана билимди кызыктуу жол менен өздөштүрүүнүн эффективдүү ыкмасы. Башталгыч класстарда геометриялык фигураларды дидактикалык оюндарда колдонуу төмөнкүдөй уюштурулат [3]:

1. "Фигураларды тап" оюну

Максаты: Фигуралардын аталышын жана түрлөрүн ажыратууга үйрөтүү.

Жүрүшү: Мугалим класс бөлмөсүнө ар кандай геометриялык фигураларды жашырат. Окуучулар аларды таап, аталышын жана түрүн айтуусу керек.


Пайдасы: Балдарда байкоо жана эстеп калуу жөндөмү өнүгөт.



1-сүрөт. Фигураларды табуу

2. "Фигурадан сүрөт түз" оюну

Максаты: Элестетүү жана чыгармачылыкты өнүктүрүү.



2-сүрөт. Фигурадан сүрөт түзүү

Жүрүшү: Окуучуларга ар кандай геометриялык фигуралар берилет. Алардан жаныбарлардын, үйлөрдүн же башка объектилердин сүрөтүн түзүү сунушталат.


Пайдасы: Чыгармачылык жана креативдүү ой жүгүртүү жөндөмү калыптанат.

3. "Ким батыр?" оюну [4, 5].

Максаты: Аянт жана периметр түшүнүктөрүн өздөштүрүү.

Жүрүшү: Окуучулар бергилүү бир аянтка эң көп фигураны батырганга аракет кылышат.

Пайдасы: Балдар мейкиндикти туура пайдаланууну жана пландаштырууну үйрөнүшөт.



3-сүрөт. Фигураларды аянтка батыруу

**Негизги жыйынтыктар жана аларды талкуулоо.**

*Геометриялык фигураларды турмушта пайдалануу*

Геометриялык фигуралар күнүмдүк жашоодо кеңири колдонулат. Окуучуларды турмуштагы реалдуу мисалдар менен тааныштыруу билимди практикалык жактан өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт.



4-сүрөт. Курулуш жана архитектурада

1. Курулуш жана архитектурада

Тик бурчтук жана чарчы – Үйлөрдүн пландарында, терезелердин жана эшиктердин формасында кездешет.

Үч бурчтук – Мосттордо жана чатырларда бекемдикти камсыздоо үчүн колдонулат.

2. Тиричилик буюмдарында

Айлана жана чарчы – Табактар, сааттар жана күзгүлөр сыяктуу буюмдардын формасында.

Цилиндр жана конус – Ашканада стакандар жана идиштер түрүндө кездешет [6, 7].

3. Жол белгилеринде жана коопсуздук эрежелеринде

Үч бурчтук – Коопсуздук белгилеринде, мисалы, эскертүү белгилеринде.

Чарчы жана тик бурчтук – Маалымат берүүчү жана көрсөтмө белгилерде.



5-сүрөт. Жол белгилеринде жана коопсуздук эрежелеринде

Практикалык иштер жана экскурсиялар

Геометриялык фигураларды турмушта пайдаланууну үйрөтүү үчүн төмөнкүдөй практикалык иштерди уюштурууга болот:

Экскурсиялар: Мектептин айланасындагы архитектуралык объектилерди карап, фигураларды табуу.

Колдонмо иштер: Окуучулардын геометриялык фигуралардан ар кандай макеттерди, сүрөттөрдү тартуусу.





6-сүрөт. Окуучулардын тарткан сүрөттөрү





7-сүрөт. Окуучулардын тарткан сүрөттөрү



Сүрөт тартуу: Геометриялык фигураларды колдонуп, сүрөттөрдү тартуу же коллаждар түзүү.

Ушул жерге кеңениреек толтолуп өттүк. Окуучуларым менен көптөн бери пландап жүргөн проектерибиздин бири болгон, мектептин чарбагындагы бош жайларын колдонуу үчүн проект түзүп чыккан болчум. Аны окуучуларым менен бирге сүрөтүн сызып, макетин даярдап баштадык.

Бул проект окуучулар үчүн китеп окуу үчүн маалымат жайы болот. Биз бул проектти Улуу инсан Исхак Раззаковтун 115 жылдыгына арнап “Исхак Раззаковтун өмүр багы” деп атап алдык.

Алгач эле анын кире беришин дарбазасын тоолор сыяктуу жасап, Ала тоону элестеп, ички бөлүгүн 7 бөлүккө бөлүп алдык. Ар бир бөлүгүнө боз үйдүн үлгүсүндө жасалган окуучулар үчүн китеп окуу жайын түздүк. Ар бир бөлүктө Исхак Раззаковтун өмүр баяны баяндалат. Окуучулар үчүн кичине болсода тарыхты окуп, билүү үчүн.

1-бөлүгүндө Исхак Раззаковдун бала чагы, туулуп өскөн жери, ата-энеси, бир тууганадары жөнүндө баяндалат. Ал жерге жаш балдарга арналган жомок китептер болот.

2-бөлүктө апасы ооруп интернатка берилиши. Ден-соолук, күчтүү болуу үчүн мотивациялык китептер орун алат.

3-бөлүктө техникумда билим алуусу. Жаш муундарга туура кесип тандоо жөнүндөгү китептер болот.

4-бөлүктө Москвадан билим алуусу. Билимин жогорулатуу, ар дайым билим алып туруу абзел экендигин далилдеген автордук китептерден турат.

5-бөлүктө Университетти аяктап,жумушка орношуп иштей башташы. Чыгармалар, кыргыздан чыгаан инсандар жөнүндө китептерден турат.

6-бөлүктө Кыргызстанга кайтып келиши. Мекенин сүйүү патриоттукка тарбиялоочу китептер болот.

7-бөлүктө Кыргыз ССРинин жетекчиси. Өнүгүп өскөн Кыргызстан. Кыргызстандын тарыхы жазылган китептерден турат.

Ар бир бөлүктүн алдында коюлган китептин формасындагы табличкага өмүр баянын жазылат.



**Жыйынтык**

Башталгыч класстарда геометриялык фигураларды колдонуу жана аларды турмушта пайдалануу окуучуларга математика сабагын жеңил жана жеткиликтүү өздөштүрүүгө жардам берет. Дидактикалык оюндар балдардын математикага болгон кызыгуусун арттырып, чыгармачылыгын жана логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт. Ошондой эле, турмуштан алынган реалдуу мисалдар билимди практикалык жактан колдонууга шарт түзөт [9, 10].

Бул ыкмалар мугалимдерге сабактарды кызыктуу жана таасирдүү уюштурууга жардам берет. Ошондой эле, окуучуларга турмушта керектелүүчү билимдерди берүү менен, алардын аналитикалык жана чыгармачылык жөндөмдөрүн калыптандырат.

**Адабияттар**

1. Бондаренко, А. К. Воспитание детей в игре [Текст] / А.К. Бондаренко. – М.: Просвещение, 2003. – 125 с.
2. Кларина, Л. М. Дети и знаки: буквы, цифры, геометрические формы [Текст] /Л.М. Кларина. – М.: Новая школа, 2013. – 108с.
3. Меңдибаева Н. М. Преимущество использования мультимедия в обучении начальных классов. Вестник Ошского государственного университета. – 2022. - №2(20). - С. 169-174.
4. Михайлова, З. А. Занимательные игры и упражнения математического содержания в самостоятельной детской деятельности [Текст] / З.А. Михайлова // Дошкольное воспитание. – 1984. –№8. – С. 12-15.
5. Михайлова, З. А. Подготовка детей к обучению в школе средствами занимательной математики [Текст] / З.А. Михайлова // Дошкольное воспитание. – 1988. – №5. – С. 31.
6. Никитин, Б. П. Ступени творчества или развивающие игры [Текст] / Б.П. Никитин. – М.: Юнити, 2012. – 142с.

7. Пышкало, А. М. Методика обучения элементарной геометрии в начальных классах. Пособие для учителя [Текст] / А.М. Пышкало – М.: Просвещение, 1973.
8. Жикалкина Т.К. Система игр на уроках математики в 1 и 2 классах: пособие для учителя / Т.К. Жикалкина. – М.: Новая школа, 2007. – 176 с.
9. Карпова Е.В. Дидактические игры в начальный период обучения / Е.В. Карпова. – Ярославль: Академия развития, 1997. – 187 с.
10. Коваленко В.Г. Дидактические игры на уроках математики. – М.: Просвещение,1990. – с. 96.
11. Лоншакова А.Н. Использование дидактических игр на уроках математики, как один из путей активизации мыслительной деятельности учащихся [Электронный ресурс]. URL: http://www.nsportal.ru (дата обращения: 07.09.2024).